КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

---

25.01.2024 № 01-6/3

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

***«Сокулук айыл өкмөтүнүн 2024 – жылга карата бюджеттин жана 2025 – 2026 жылдарга божомолун бекитүү жөнүндө»***

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин №102 беренесине ылайык Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовдун жана каржы – экономика бөлүмүнүн башчысы Н.К.Сулпукорованын Сокулук айыл өкмөтүнүн 2023 – жылдагы бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча аткарылышы, 2024 – жылга карата бюджеттин киреше жана чыгыша бөлүгү боюнча планын жана 2025 – 2026 жылдарга божомолун бекитүү, 2024 – жылдын 01 – январына калган эркин калдыктар жана атайын эсептин киреше жана чыгашасын бекитүү жөнүндөгү баяндамаларын угуп жана талкуулап Сокулук айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сокулук айыл өкмөтүнүн 2024 – жылга бюджетинин киреше бөлүгү боюнча жылдык планы атайын эсепти кошпогондо 88 497,3 миң сом болуп бекитилсин, атайын эсеп менен 95 058,3 миң сом (№1 тиркеме).
2. Сокулук айыл өкмөтүнүн 2024 – жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү боюнча жылдык планы атайын эсепти кошпогондо 88 497,3 миң сом болуп бекитилсин, атайын эсеп менен 95 058,3 миң сом (№2 тиркеме).
3. Сокулук айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин 2024 – жылга карата штаттык тизими бекитилсин (№3 тиркеме).
4. Сокулук айыл өкмөтүнүн бюджетинин болжолу 2025 – жылга 97 421,4 миң сом, атайын эсеп менен 103 982,4 миң сом ал эми 2026 – жылга 115 320,8 миң сом , атайын эсепти кошкондо 108 759,8 миң сом болуп бекитилсин (№4 тиркеме).

**5.** Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысына жумуштун зарылчылыгына жараша бюджетти аткаруу максатында, акча каражатын мыйзамдын чегинде бөлүмдүн ичинде беренеден беренеге өзгөртүүлөрдү жана тактоолорду киргизүү укугу берилсин.

**6.** Сокулук айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн бекитилген пландан ашык түшкөн каражатты жумуштун зарылчылыгына жараша мыйзамдын чегинде, айыл аймакты өнүктүрүү максатында пайдалануу укугу берилсин.

**7.** Республикалык бюджеттен келген акча каражаттары максаттуу түрдө жумшалсын.

**8.** Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысынын 2024– жылга карата резервдик фонду жергиликтүү бюджеттин жалпы көлөмүнүн 1,5 % ченеминен ашпай түзүлсүн.

**9.** Сокулук айыл өкмөтүнүн кызмакерлерине кызматтык маянасына кошумча үстөктөрдү, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шерттары жөнүндө" Жарлыгынын 4-пунктуна ылайык 1425,7 миң сом жана соц.фондко 245,9 миң сом (эркин калдык) бөлүнүп берилсин.

**10.** Сокулук айыл өкмөтүнө караштуу ат майданды (ипподром) кайтарган кароолчулардын эмгек акысы 2023-жылдын 1-январынан баштап штаттык ырааттаманын негизинде берилсин (4-кызматкер , ар биринин бир айлык маянасы 7040 сомду түзөт).

**11.** Сокулук айыл өкмөтүнүн "Таза Сокулук" муниципалдык ишканасына - 6000,0 миң сом жана "Таза-Суу" муниципалдык ишканасына 1250,0 сом акча каражаты жумуштун зарылчылыгына жараша мыйзамдын чегинде, айыл аймакты өнүктүрүү максатында бөлүнүп берилсин.

**12.**Бул токтомду, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин нормативдик – укуктук актыларынын бирдиктүү реестрине киргизүү үчүн, Чүй – Бишкек аймактык юстиция башкармалыгында каттоодон өткөзүү милдети Сокулук айыл өкмөтүнүн жоопту катчысына жүктөлсүн.

**13.**Токтомдун аткарылышы Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовго жүктөлсүн.

**14.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айылдык Кенешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **З.Саткеева**